

Кайда барам?

# Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандар үчүн инструкция

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркап жатсаңыз, эмне кылуу керек? Бул жердеги кадам түрүндөгү көрсөтмөлөрдү шпаргалка катары колдонуңуз.

## 1. Коопсуздук планын түзүңүз

1. Зордук-зомбулук кайталанса, эмне кыларыңызды алдын ала пландап алыңыз
2. Ишенген адамдарыңызга (досторуңузга, туугандарыңызга) зомбулук жөнүндө билдириңиз
3. Коркунучтуу жана коопту абалда бара турчу жерди эртерээк дайындап, сүйлөшүп коюңуз. Убактылуу башпаанекти досторуңуз, тааныштарыңыз же туугандарыңыз бериши мүмкүн
4. Үйүңүздөн ызы-чуу же кыйкырык чыкса, кошуналарыңыздын милиция чыкырышын, өздөрү жардамга келишин макулдашып алыңыз
5. Мүмкүнчүлүк болсо, ур-токмок, коркутуу фактыларын сүрөткө, видеого же диктофонго жаздырып алууга аракет кылыңыз
6. Үйдө курал-жарак бар болсо, (анын ичинде бычак, балта ж.б.) алар зомбулук көрсөткөн адамдын колуна түшүп калбашы үчүн катып салыңыз
7. Коопсуз, бирок оңой ала турган жерге бардык керектүү нерселерди даярдап коюңуз: акча, үйдүн запас ачкычы, телефон, паспорт, балдардын күбөлүктөрү, маанилүү документтер, кийим-кече, дары-дармек
8. Башынан эле кайсы балуу буюмдарды (зер буюмдар ж.б.) ала турганыңызды чечиңиз. Шашылыш болгон учурда, аларды сатып же күрөөгө кое аласыз
9. Зомбулук көрсөткөн адам сизди табууга жардам болчу нерселердин баарын жок кылууга аракет кылыңыз (күндөлүк, даректер жазылган конверттер ж.б.)
10. Сизге керектүү колдоо көрсөтө турган жергиликтүү кызматтардын телефон номерлерин алдын ала билип алыңыз (балким сиз жашап жаткан аймакта кризистик борборлор бар)
11. Зордук-зомбулук учурунда өзүңүздүн интуицияңызга ишенүү эң туура экенин унутпаңыз – кээде дароо качуу зарыл, кээде кырдаалга баа берип, өнөктөш/жолдошуңузду тынчтандыруу керек
12. Кырдаал абдан оор жана коркунучтуу болсо, керектүү нерселерди ала албасаңыз да, дароо үйдөн чыгып кетиңиз. Өмүрүңүздү тобокелге салбаңыз

## 2. Милицияга кайрылыңыз

1. Эгерде сизди өнөктөшүңүз/жолдошуңуз катуу сабап салган болсо же өмүрүңүзгө коркунуч келип жатканын сезсеңиз, дароо тез жардамга жана милицияга чалыңыз
2. Милиция келгенде мүмкүн болушунча өзүңүздү кармаңыз. Укук коргоо кызматкерлеринен зомбулук көрсөткөн адамды камакка алып баруусун сураныңыз
3. Денеге келтирилген бардык зыяндарды жана үйдөгү сынган нерселерди милицияга көрсөтүңүз
4. Милицияга сизге карата жасалган башка зомбулук фактыларын айтыңыз (болгон болсо). Буга күбөлөр бар болсо, алардын аты-жөнүн жана байланыш жолдору менен бөлүшүңүз
5. Зомбулук көрсөткөн адамга каршы арыз жазыңыз жана укук коргоо кызматкерлеринен сизден аны кабыл алуусун талап кылыңыз. Арызда кылмыш болгон жерди, кылмыш жасалган убакытты, зомбулук көрсөткөн адамдын аты-жөнүн, зомбулуктун кесепеттерин көрсөтүп, кылмышкерге каршы «кылмыш ишин козгоп, жоопкерчиликке тартуу» өтүнүчүн коюңуз
6. Эгерде милиция кызматкерлери арызды кабыл алуудан баш тартса, алардын жетекчилери менен жолугушууну талап кылыңыз
7. Милиция кызматкерлеринин аты-жөнүн, алардын кызматтык телефондорун жана протоколдун номерин жазып алыңыз
8. Соттук-медициналык экспертизага жолдомо берүүнү сураңыз

## 3. Ур-токмоктун издерин күбөлөндүрүңүз

1. Ур-токмок же жаракаттын белгилерин жаздыруу үчүн травмпунктка кайрылыңыз. Тергөөнүн жүрүшүндө милиция медициналык баракчаларды алат. Эгерде травмпунктка барууга мүмкүн болбосо, анда жашаган жериңиздеги эмканага кайрылыңыз. Өзүңүздү жаман сезип жатсаңыз, тез жардам кызматы сизди ооруканага алып барсын
2. Ооруканада же травмпункта ур-токмоктун белгилери кайсы жагдайда, каерде жана ким тарабынан алынганын айтып бериңиз. Дарыгерге бардык жаракаттарды көрсөтүп, кандай ооруганын түшүндүрүңүз
3. Ур-токмок боюнча бардык маалыматтар нөөмөтчү дарыгер тарабынан медициналык картага жазылууга тийиш. Дарыгер ошол эле картада алынган жаракаттардын мүнөзүн жана сизге кандай медициналык жардам көрсөтүлгөнүн жазып берет
4. Картанын жана жазуунун туура экенин текшерип окуңуз. Дарыгер денедеги заянды, анын жайгашкан жерин, өлчөмүн, пайда болгон убактысын, кантип алынганынын майда-чүйдөсүнө чейин жазышы керек. Дарыгерлер физикалык (же сексуалдык) зомбулукту тастыктоо үчүн зарыл болгон анализдерди өткөрүшөт
5. Медициналык мекемеге денеңиздеги жаракаттар боюнча кайрылганыңыз тууралуу маалымкат алыңыз. Маалымкатта кийинкилер көрсөтүлүшү керек: картанын номери, арыздын датасы, кайрылуучунун жана дарыгердин аты-жөнү, медициналык мекеменин мөөрү, ошондой эле баланчанын, мисалы, баш мээси чайкалган, сол билектин үстүңкү бөлүгүндө жана санында көп гематомалары бар деген билдирүүлөр
6. Бул маалымкат полиция үчүн сиздин ишиңизди карап баштоого негиз болуп саналат. Эгерде адам өз алдынча зомбулуктун белгилери менен ооруканага кайрылса, анда медициналык мекемелер мындай учурлардын бардыгын ички иштер органдарына билдирүүгө милдеттүү. Укук коргоо кызматкерлери өз кезегинде иликтөө иштерин жүргүзүүгө жана соттук экспертизага жолдомо берүүгө милдеттүү. Бул экспертизанын жыйынтыгына жараша кылмышкердин аракети квалификацияланат
7. Зомбулук ишине далилдерди кошуу үчүн бардык уруп-сабоо издерин сүрөткө тартып алууну унутпаңыз. Көчүрмөлөрүн өзүнчө жерге сактап коюңуз. Далилдерди чогултуңуз – ур-токмок учурларды жана кылмышкердин агрессивдүү жүрүм-турумун тастыктоочу күбөлөрдү тартыңыз
8. Милиция, негизинен эле, мындай иштер боюнча эч нерсе кылгысы келбейт, ошондуктан алар сиздин бардык далилдериңизди «жоготуп» коюшу мүмкүн. Зордук көрсөткөн адамдын милицияда же ооруканада тааныштары болушу мүмкүн. Ошондуктан, бардык документтердин көчүрмөлөрүн алуу эң туура

## 4. Сотко кайрылыңыз

1. Эртеси күнү кайра милицияга барып, нөөмөттөгү милиция кызматкерине кошумча арыз калтырган жакшы. Кайсы жерде арыз берүү жакынырак жана натыйжалуу экенин милициянын номери аркылуу тактап алыңыз. Арызыңыз четке кагылат деп коркуунун кереги жок. Мыйзам сиз тарапта, арызды кабыл алуудан баш тарткан кызматкер мыйзам бузуучу болуп саналат

2. Милицияга жалгыз эмес, бирөө менен барыңыз. Мындан тышкары, түшүндүрмөңүздө тергөөчүнүн аял болуусун сурансаңыз болот – сизге психологиялык жактан ыңгайлуураак болушу үчүн

3. Бардык далилдериңизди көрсөтүңүз: денеңизге зыян келтирилгенин тастыктаган медициналык документ, кылмыштын күбөлөрүнүн аты-жөнү, ур-токмоктун сүрөттөрү

4. Түшүндүрмө берүүдө арызыңыздын мазмунун кайталаңыз. Мүмкүн болсо, кененирээк маалымат берүүгө аракет кылыңыз: мисалы, зомбулуктун кайталануучу мүнөзү (физикалык зордук-зомбулуктун учурлары, аңдуу, коркутуулар) жана милицияга мурунку чалуулар же травмпунктка барганыңыз жөнүндө. Окуянын майда-чүйдөсүнө чейин жазыңыз: даталар, убакыт, ур-токмокко алуулардын мүнөзү. Эгер дата жана убакыт эсиңизде жок болсо, жок дегенде болжолдуу маалымат бериңиз, болбосо милиция сизди эстегенге чейин кармап отура берет

5. Арызды берүүдө укук коргоо органдарынын кызматкерлери кабарлоо талонун берүүгө милдеттүү, анда арыз кимден жана качан кабыл алынганы жана кандай номер менен катталгандыгы көрсөтүлүүгө тийиш

6. Керек болсо, милициядан соттук-медициналык экспертизага жолдомо сураңыз

7. Сиздин арызыңыздын негизинде төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынышы керек: 1. кылмыш иши козголду, 2. кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынды, 3. арыз соттун кароосуна жиберилди

8. Эгерде арыз берилген күндөн тартып 30 күндүн ичинде чечим кабыл алынбаса, же сиз чечимге макул эмес болсоңуз, анда милиция кызматкеринин аракетине жогорку органдарга (ИИБ же прокуратура) даттансаңыз болот

9. Ошондой эле эгер милиция арызды кабыл алуудан жана каттоодон баш тартса, соттук-медициналык экспертизага жолдомо бербесе, кылмыш ишин козгоодо жана аны тергөөдө тосколдук жаратса жана башка мыйзамсыз аракеттер болсо, даттануу арызы менен милициянын башчысына, прокурорго же сотко кайрылсаңыз болот

10. Эгер сиз өзүңүздү мыйзамдуу түрдө коргогуңуз келсе, өтө кылдат болушуңуз керек. Эл өз укуктары тууралуу эч нерсе билбегендигинен процесстин бузулуулары болушу мүмкүн. Сизге арызды кароонун этаптары тууралуу маалымат берилбей калышы ыктымал, андыктан процессти өзүңүз көзөмөлдөшүңүз керек

Кайда барам?

## 5. Коопсуздугуңузду камсыз кылыңыз

1. Үйдө жалгыз калбаңыз. Мүмкүн болсо туугандарыңызга же досторуңузга (балдарыңызды алып) кетиңиз. Керектүү нерселерди да алууну унутпаңыз

2. Бара турган эч кимиңиз жок болсо, кризистик борборго кайрылыңыз. Ал жакта убактылуу башпаанек менен камсыз болосуз. Бул сайтта алардын байланыш номерлерин алсаңыз болот. Борбордо юридикалык же психологиялык кеңеш ала аласыз. Жаныңызда дайыма кийинки документтерди ала жүрүңүз: паспорт, баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк (эне болсоңуз)

Кайда Барам?

## 6. Ишти аягына чейин чыгарыңыз

1. Эгер кылмыш иши козголсо, анда ал сотко берилет деген сөз. Сиз жана күбөлөр сотто сураштырыласыздар. Сиз медициналык жазууларды текшерүүнү талап кылышыңыз керек. Экспертиза сиздин ден соолугуңузга келтирилген зыяндын оордугун аныктоого багытталган

2. Андан кийин соттолуучу тарап сүйлөйт: күбөлөр, жактоочулар. Соттолуучу эч кандай далил келтирүүгө милдеттүү эмес, негизи ал сүйлөөгө да милдеттүү эмес

3. Жараян көпкө созулушу мүмкүн: 8-12 ай. Процесстин бардык этаптарында соттор сизди кылмышкер менен жараштырууга аракет кылышат, күйөөңүздүн жана балдардын атасынын соттолуп, репутациясы бузулушу менен коркутушат. Чечкиндүү болуңуз